**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XI сессиясынын № 11/1 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Жаңы-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагында Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын, жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана жыйын өтүлүүчү жерин жана өткөрүү графигин бекитүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагында Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өтүлүүчү графигин бекитүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык 2025-жылдын 25-сентябрындагы Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин жыйналышынын №1 протоколунун негизинде Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин .

2. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча делегаттардын санын өткөрүү жайын жана жооптуу депутаттары №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Ынтымак айыл өкмөтүнүн жетекчилигине жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүүгө көмөк көрсөтүү жагы тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага А.Дунаев**

**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын №11/1**
**токтомуна 1-тиркеме**

**Ынтымак айыл өкмөтүнүн айылдарында кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

| **№** | **Аты-жөнү** | | **Кызмат орду** |
|---|---|---|---|
| 1 | Дунаев Арстанбек Абдыгапарович | - | Ынтымак айылдык кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы |
| 2 | Минбаева Айзат Курсанбековна | - | Ынтымак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы |
| **Жумушчу топтун мүчөлөрү** | | | |
| 3 | Венера Арынова | - | Айылдык кеңештин депутаты |
| 4 | Рашид Эрмекбаев | - | Айылдык кеңештин депутаты |
| 5 | Замир Алайчиев | - | Айылдык кеңештин депутаты |
| 6 | Рысбай Мажитов | - | Айылдык кеңештин депутаты |
| 7 | Нурлан Садыков | - | Айылдык кеңештин депутаты |
| 8 | Жабиев Адилбек | - | Айылдык кеңештин депутаты |
| 9 | Гулушкан Айдарбекова | - | Айылдык кеңештин депутаты |

**Ынтымак айылдык кеңешинин**
**жооптуу катчысы** **А.Минбаева**

**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын №11/1**
**токтомуна 2-тиркеме**

**Ынтымак айыл аймагынын өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарды шайлоо үчүн айылдарда жыйындарды өткөрүү графиги жана айылдык кеңештин жооптуу депутаттары**

| № | Айылдардын аталышы | Өтүлүүчү жайы | Өткөрүү датасы | Убакт ысы | Калк ынын саны | Өкүлд өрдүн саны | Жооптуу айылдык кенештин депутататтары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жаны-Арык | Маданият үйү | 21.10.2025 | 10:00 | 7026 | 30 | В.Арынова |
| | Правда, Достук | Б.Абдрахманов атындагы орто мектеби | 17.10.2025 | 10:00 | 6371 | 27 | Р.Эрмекбаев |
| | Таш-Арык | К.Абдылдаев атындагы орто мектеби | 18.10.2025 | 14:00 | 2779 | 13 | З.Алайчиев |
| | Ак-Терек, Учкун | Ак-Терек орто мектеби | 22.10.2025 | 14:00 | 1164 | 5 | Р.Мажитов |
| | Чайчи | Чайчи айылы | 23.10.2025 | 10:00 | 2008 | 8 | Н.Садыков |
| | Талаа | Талаа айылы | 23.10.2025 | 14:00 | 2342 | 10 | А.Жабиев |
| | Алп-Ордо, Коргон | Алп-Ордо айылы | 23.10.2025 | 15:00 | 1797 | 7 | Г.Айдарбекова |
| | Ынтымак айыл аймагы боюнча | И.Кулбаев атындагы орто мектеби | 01.11.2025 | 14:00 | 7026 | 30 | А.Дунаев |
| | **Жалпы:** | | | | **23487** | **100** | |

**Ынтымак айылдык кеңешинин**
**жоополтуу катчысы** **А.Минбаева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XI сессиясынын**
**№ 11/2 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Жаңы-Арык айылы

**№305-Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгына ылайык, Ынтымак айыл өкмөтүнүн жобосун бекитүү жөнүндө (Улуттук тазалык күнү)**

Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө Ынтымак айыл өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Президентинин №305 Жарлыгына ылайык, айыл аймактарды көрктөндүрүү, тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу кызмат көрсөтүү, экологиялык абалды жакшыртуу максатында Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин №305 Жарлыгына ылайык Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү жана натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча Ынтымак айыл өкмөтүнүн иштеп чыккан жобосун бекитүү жөнүндө тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бекитилген жобого ылайык иш алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык, маданий агартуу, спорт, жаштар менен иштөө, регламент жана этика боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Дунаев**

**2025-жылдын 10-октябрындагы**
**кезектеги XI сессиясынын №11/2**
**токтомуна 1-тиркеме**

## Ынтымак айыл аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелери

### I Жалпы жоболор

1) Ынтымак айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелерди (мындан ары – Эрежелер) Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексине, "өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө", "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгына жана калктуу конуштарды тышкы көрктөндүрүү жана айлана-чөйрөнү коргоонун абалына талаптарды аныктаган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2) Эрежелер тышкы көрктөндүрүү, жашылдандыруу жаатында бирдиктүү жана милдеттүү талаптарды белгилейт, менчигинин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн Ынтымак айыл аймагын тазалоонун жана тейлөөнүн тартибин аныктайт.

3) Айыл өкмөт башчы ушул эрежелерде белгиленген көрктөндүрүү маселелери менен байланышкан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

4) Өкмөт башчы өз ыйгарым укуктарынын чегинде көрктөндүрүү маселелерин аткаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдү аныктайт.

### II Негизги түшүнүктөр жана терминдер

5) Ушул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр жана терминдер колдонулат:

**Абонент -** тиричилик таштандыларын чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө келишим түзгөн же түзүүгө милдеттүү жеке же юридикалык жак;

**Калктуу конуштун сырткы келбетин көрктөндүрүү** – калктуу конуштун айланасында калктын жашоосу жана эс алуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнү камсыз кылуучу иштердин жана элементтердин топтому;

**КТТК чыгаруу** - атайын автотранспортторго ташып жүктөө, таштанды жайларын жана аларга кире бериш жерлерди төгүлгөн таштандылардан тазалоо, андан ары катуу калдыктарды чогултуучу жайлардан жок кылуу жайларына ташып жеткирүү;

**Бекитилдген аймак** - юридикалык же жеке жактардын менчигинде, ижарасында же пайдалануусунда имараттар, үй чарбалары, курулуштун жана башка объекттер жайгашкан аймак;

**Жашылдандырылган жерлер** - жасалма түрүндө жана табигый өсүп чыккан бак-дарак, бадал жана чөп өсүмдүктөрү;

**Ири көлөмдүү таштандылар** – керектөөдөн чыккан жана көлөмүнүн чоңдугуна байланыштуу атайын таштанды ташуучу унаалар менен ташууга мүмкүн болбогон үй тиричилик жанга чарбалык иштердин калдыктары (тиричилик техникасы, эмерек ж.б);

**Контейнер аянтчасы** – өндүрүштүн жана үй тиричиликте керектелген буюмдардын калдыктарын, катуу турмуш-тиричилик калдыктарын чогултуу жана убактылуу сактоо үчүн керектүү сандагы контейнерлер орнотулуп, атайын жабдылган аянт;

**Таштанды** – ар кандай калдыктар, анын ичинде катуу турмуш-тиричилик калдыктары, ири көлөмдүү калдыктар, полиэтилен, айнек, чүпүрөк, керектөө жана өндүрүш калдыктары;

**Уруксат берилбеген жерге ташталган таштандылар** – чектелген аянтта таштандыларды таштоо үчүн атайын урналарды орнотуу

**Парк** – эс алууга жана көнүл ачуучу оюн-зоок өткөрүүгө арналган жалпы пайдалануудагы жашылдандырылган аймак;

## III Катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чогултуу жана чыгаруу иштерин уюштуруу

6) Жалпы пайдалануучу жайларды санитардык жактан тейлөө таштандылардын калдыктарды, калдыктарды үзгүлтүксүз тазалоону, кышында – карды, музду тазалоону, жолдун бөлүгүн жана тротуарларды тазалоону камтыйт;

7) Мекеме уюмдар, менчик ээлери, турак жайлардын менчик ээлери өз каражаттарынын эсебинен бөлүнгөн, бекитилип берилген жана ага чектеш аймактарды жума сайын санитардык тазалоону өз алдынча жүргүзүүгө, же болбосо “Ынтымак” Тазалык муниципалдык ишканасы менен келишими бар санитардык тазалоо кызматтарын көрсөтүүчү менен тиешелүү келишимди түзүүгө милдеттүү. Ошондой эле кварталдык комитеттердин төрага, төрайымдары көзөмөлдөйт.

8) Таштандыларды сактоо кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимге ылайык жүргүзүлөт.

9) Айыл өкмөтү тарабынан көчөдөгү соода жайларын, соода объектилерине жанаша жайгашкан аймактарды (ашкана, кафе бар, маркеттерди магазиндерди, кичи соода борборлорду) тазалоо үчүн жоопкерчиликти ушул соода объектилеринин ээлерине жүктөйт. Ошондой эле кварталдык комитеттердин төрага, төрайымдары көзөмөлдөйт.

10) Узак мөөнөткө пайдаланылбай жаткан жана өздөштүрүлбөгөн аймактарды, имараттар бузулган жерлерди тазалоо үчүн жоопкерчилик ушул аймакка бекитилген жерди пайдалануучуларга же жер ээлерине жүктөлөт. Ошондой эле кварталдык комитеттердин төрага, төрайымдары көзөмөлдөйт.

## IV Тартипти, тазалыкты жана көрктөндүрүүнү камсыз кылуу

11) Ишканалардын жана тийиишип турган жеке турак жайларында (зыян бербөө үчүн) жер тилкелеринде, ички аймактарында полиэтилен таштандыларын, жалбырактарды, контейнерлерди, автоунаалардын дөңгөлөктөрүн, өндүрүш калдыктарын өрттөөгө, от жагууга, таштандыларды көмүүгө тыюу салынат.

## V Жашылдандыруу

12) Оъектилерди жашылдандырууга төмөнкү иштер кирет;

- бак-дарактарды отургузуу

- бак- дарактрды жана бадалдарды, гүлзарларды багуу боюнча иштер – жер кыртышын азыктандыруу, суугаруу, жумшартуу, отоо чөптөрдү тазалоо, өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоо, жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөрдү коргоо (бардык тиешелүү жумуштарды аткаруу менен), жер семирткичтерди, таштандыларды жүктөө жана түшүрүү; куурап калган жана кулай турган дарактарды кыюу жана башкалар;

- айылыбызды жашылдандыруу тиешелүү жана башка дагы жумуштарды аткаруу.

Жашыл аймактарды талаптагыдай күтүү жана сактоо үчүн жоопкерчилик төмөнкүлөргө жүктөлөт:

урак жайлдарда жана квартал ичинде участоктордо – үй жана кварталдык комитеттерге, турак жай ээлеринин бирикмелерине, имараттарды ижарага алуучуларга жана жер участокторунун ээлерине;
юмдардын, ишканалардын жана башка юридикалык жактардын аймактарында ошол жердеги уюмдардын жетекчилерине;

Жашылдандырылган аймактарда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- жашыл аянтчаларды кыюуга же жок кылууга уруксат берилген учурларын кошпогондо, жашыл аянтчаларды бузууга жана жок кылууга;
- тиешелүү кызматтардын макулдугу жок бак-дарактарды, бадалдарды өз алдынча кыюуга жана отургузууга, огороддорду жана газондорду иретке келтирүүгө;
- жалбырактарды күйгүзүүгө, жапырт жалбырак түшүү мезгилинде аларды арыктарга шыпырып салууга, алар менен бак-дарактарды жана бадалдарды көмүп салууга (аларды көчө бойлой жайылып кетпеши үчүн үймөктөргө чогултуу, компост салуу үчүн атайын бөлүнгөн жерлерге алып салуу таштанды жайларына алып баруу максатка ылайыктуу);
- от жагууга жана өрт коопсуздугун эрежелерин бузууга;

**Тышкы жарыктандыруу**

14) Жарык берүүчү тармактарды эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №155 токтому менен бекитилген электр энергиясын пайдалануу эрежелери менен жөнгө салынат.

15) Тышкы жарыктандырууну күйгүзүү жана өчүрүү айыл өкмөт тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген графиктер боюнча жүргүзүлөт.

16) Металл мамычалар жана тышкы жарыктандыруунун башка элементтери таза, дат басылбашы жана зарыл болгон учурда сырдалышы керек, бирок үч жылда бир жолудан кем болбоого тийиш.

Жеке жана юридикалык жактар өздөрүнө берилген аймактарда орнотулган же сатып алынган тышкы жарыктандыруунун элементтерин жабдууга жана жакшы абалда кармап турууга милдеттүү.

**кызмат адамдарынын жана жарандардын жоопкерчилиги**

18) Ушул Эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык тартиптик, жарандык жоопкерчилик белгиленет.

19) Бул көрктөндүрүү эрежелерин бузууга күнөөлүү юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 114-беренесинин 1-пунктуна ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

20) Таштандылрды белгиленбеген жерлерде чыгарган, өрттөгөн юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 110-беренесине ылайык жоопкерчилик тартышат.

21) Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атайын комиссиялары белгиленген тартипти бузгандарга Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жаза чараларын көрөт.

22) Укук бузуулар боюнча комиссиянын иши Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү жобо менен жөнгө салынат.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XI сессиясынын**
**№ 11/3 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Жаны Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын Таш-Арык айылында жаңы курулган “Таш-Арык” мектепке чейинки билим берүү уюму мекемесин ачуу жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын Таш-Арык айылында жаңы курулган “Таш-Арык” мектепке чейинки билим берүү уюму мекемесин ачуу үчүн Зикирова Нуржамалдын арызын карап, Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн маданий агартуу социалдык-экономикалык абалын жогорулатуу максатында Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын Таш-Арык айылынын тургуну Зикирова Нуржамалдын арызын канаттандыруу максатында Таш-Арык айылында жаңы курулган “Таш-Арык” мектепке чейинки билим берүү уюуму мекемесин ачууга уруксат берилсин.

2. Ынтымак айыл аймагынын Таш-Арык айылында жаңы курулган “Таш-Арык” мектепке чейинки билим берүү уюуму мекемесине чыгымдалуучу чыгымдар, кышка карата көмүр, ремонт жумуштарына сметанын негизинде Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эсебинен жүргүзүлсүн.

3. Ынтымак айыл аймагынын Таш-Арык айылында жаңы курулган “Таш-Арык” мектепке чейинки билим берүү уюуму мекемесинин ачуу үчүн штат бирдиктерин чечип берүү жагы Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык, маданий агартуу, спорт, жаштар менен иштөө, регламент жана этика боюнча комиссиясына жүктөлсүн .

**Төрага А. Дунаев**